КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛУСУ
ЧОҢ-АЛАЙ РАЙОНУ

ЖЕКЕНДИ АЙЫЛДЫК
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ
ЧОҢ-АЛАЙСКИЙ РАЙОН

АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
ЖЕКЕНДИНСКОГО АЙЫЛНОГО
АЙМАКА

Жекенди айылдык Кеңешинин депутаттарын сегизинчи чакырылышынын кезектеги он үчүнчү сессиясынын

ТОКТОМУ

2026-жылдын 15-июль № 38 Кара-Мык айылы

“Кыргыз почтасы” ачык акционердик коомунун Чоң-Алай райондук филиалына контора салуу үчүн 0,10 га жер бөлүп берүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө мыйзамынын 34-39-беренесине ылайык, Жекенди айыл өкмөтүнүн башчысы З.Исмаиловдун “Кыргыз почтасы” ачык акционердик коомунун Чоң-Алай райондук филиалына контора салуу үчүн Кашат участкасындагы муниципалдык жер аянтынын ичинен 0,03 га жер аянтын бөлүнүп берүү сунушун угуп жана талкуулап, Жекенди айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. “Кыргыз почтасы” ачык акционердик коомунун Чоң-Алай райондук филиалына контора салуу үчүн Кашат участкасындагы муниципалдык жер аянтынын ичинен 0,03 га жер аянты бөлүнүп берилсин.

2.Тийиштүү документтерин бүтүрүп берүү жагы Жекенди айыл өкмөтүнүн башчысы З.Исмаиловго жана жер ресурстары жана өсүмдүк өстүрүү боюнча башкы адис А.Маматовго милдеттендирилсин.

3. Бул токтом расмий булактарга жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

4. Жекенди айылдык кеңешинин жооптуу катчысы бул токтомду каттоодон өткөрүшсүн жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн тиешелүү Ош юстиция башкармалыгынан каттоодон өткөрүлсүн.

5.Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу Жекенди айылдык кеңешинин агрардык маселелер, азык-түлүк жана экология, жер жана жер реформасы боюнча туруктуу комиссиянын төрагасы Зикир уулу Мухаммедыканга жүктөлсүн.

Төрага **А.Амирбеков**